“Жаным”

Махабат тоого чыгалы жаным
Сүйүүдөн өргөө куралы жаным
Бүркүттөр шаңшып айланып учса
Кумарга батып туралы жаным
Көнүлдүн кушу көкөлөп учса
Бакытка батып туралы жаным
Үлбүрөк гүлдөй назик сүйүүнү
Ааламга даңктап суналы жаным

Кайырма:
Ак сүйүү турса нуруна бөлөнүп
Табышар бекен биздейди жаным
Бакыттын кушун учуруп бийлейли
Армандын ачуусун ичпейли жаным

Көңүлдүн кушун табалы жаным
Махабат отун жагалы жаным
Ортодон чыккан сүйүү отуна
Алоолоп күйүп жаналы жаным
Ай калкып көктө ак нурун төгүп
Турган кез сага жагабы жаным
Кечигип калбай жомок сүйүүдөн
Анда жүр кеттик баралы жаным